# ЛАТВИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ ЖААТЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУСУ

Мындан ары "Тараптар" деп аталуучу Латвия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү,

Тараптардын ортосундагы достук мамилени кеңейтүүнү жана өнүктүрүүнү каалоо иретинде,

билим берүү жана илим жаатындагы кызматташтык эки Тараптын мамлекеттеринин улуттарынын түшүнүшүүсүнө мүмкүндүк берерине ишенүү менен,

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

**1-берене**

Тараптар өнөктөштүк жана өз ара сыйлашуу принциптеринин негизинде Тараптардын мамлекеттеринин улуттук мыйзамдарына жана ченемдерине ылайык билим берүү жаатындагы кызматташтыктын ар кандай түрлөрүн колдошот.

### 2-берене

Тараптар билим берүү жаатында тажрыйба алмашууга, билим берүү системасынын түзүмүнө жана аны уюштурууга, окуу планына, дидактикалык материалдарга тиешелүү маалыматтарды, колдонуудагы ченемдик укуктук документтерди жана Тараптардын ийгиликтүү кызматташтыгы үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды алмашууга көмөк көрсөтөт.

### 3-берене

Тараптар Европа союзу жана ЮНЕСКО тарабынан демилгеленген биргелешкен долбоорлордун алкагында билим берүү институттарынын ортосундагы кызматташтыкты колдойт, окуучулардын, студенттердин, окутуучулардын, билим берүүчү кызматкерлердин, академиялык персоналдардын, илимий кызматкерлердин, эксперттердин жана адистердин ар тараптуулугуна жана илимий кызматташтыгына көмөк көрсөтөт.

### 4-берене

Тараптар жогорку билим берүүдө стипендия берүүдө, жана ЖОЖдорду аяктагандан кийинки билим берүүдө (докторантура) стипендияларды берүү, окутуучулар, академиялык персоналдар, илимий кызматкерлер жана мамлекеттик кызматкерлер үчүн стажировкаларды уюштуруу мүмкүнчүлүгүн караштырат.

Ушул Макулдашуунун бул беренесин координациялоо жана ишке ашыруу максатында Тараптар үзгүлтүксүз иштеп туруучу жумушчу комиссияны түзөт, ал үч жылда бир жолу кезек-кезеги менен Латвия Республикасында жана Кыргыз Республикасында

жолугушуу өткөрөт, комиссиянын курамында Тараптардын ар биринен үчтөн өкүл болот.

**5-berene**

Эске алынган иш-чараларды каржылоо ар бир Тараптын финансы каражаттарынын чегинде жүргүзүлөт.

**6-berene**

Бул Макулдашууга Тараптардын эки жактуу макулдугу боюнча кошумча протоколдорду түзүү жолу менен өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн, ал бул Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ушул Макулдашууну интерпретациялоо жана ишке ашырууга карата Тараптардын ортосундагы кайчы пикирлер консультация берүү жана сүйлөшүү жолу менен чечилет.

**7-berene**

Ушул Макулдашуу Тараптардын ар бири анын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекет ичиндеги жол-жоболорду аткаргандыгы жөнүндө акыркы жазуу жүзүндөгү билдирүү дипломатиялык каналдар аркылуу алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Ушул Макулдашуу беш жылдык мөөнөткө түзүлөт. Анын колдонулушу Тараптардын бири экинчи Тарапка ушул Макулдашууну колдонууну токтотуу ниети жөнүндө тиешелүү мөөнөтү бүткөнгө чейин кеминде алты ай мурда дипломатиялык каналдар аркылуу жазуу жүзүндө кабарлабаса, анын колдонулуу мөөнөтү кийинки беш жылдык мөөнөттөргө өзүнөн өзү узартыла берет.

Макулдашуу Бишкек шаарында 2016-жылдын 17-октябрында эки түп нускада, ар бири латыш, кыргыз, англис тилдеринде түзүлдү, мында бардык тексттер бирдей күчкө ээ. Ушул Макулдашуунун жоболорун чечмелөөдө кайчы пикирлер келип чыкса, Тараптар англис тилиндеги текстти жетекчиликке алышат.

| | |
|---|---|
| **Латвия Республикасынын Өкмөтү үчүн** | **Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үчүн** |